«Бекитемин»
Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук
университетинин
ректору, профессор
Д.Т. Чонтоев
___________________
«___» ___май___ 2026 -ж.

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**
**Илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмү жөнүндө**
**ЖОБО**

**БИШКЕК - 2026**

## МАЗМУНУ

Максаты 2

Нормативдик шилтемелер 2

1. Жалпы жоболор 3

2. Бөлүмдүн негизги милдеттери 3

3. Бөлүмдүн функциялары 3

4. Бөлүмдүн түзүмү 4

5. Бөлүм кызматкерлеринин укуктары 4

6. Жоопкерчилик 4

7. Жыйынтыктоо жоболору 4

**КУУ** - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

**ИжИАИБ** - илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмү

**ИИИ** - илимий изилдөө иштери

**СИИИ** - студенттердин илимий изилдөө иштери

**ИЖББжИМ** - Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

**КР** - Кыргыз Республикасы

**ИТК** - илимий-техникалык кеңеш

**ОПК** - окутуучулук-профессордук курам

**ЖОК** - жаш окумуштуулар кеңеши

### Максаты

Бул Жобо Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмүнүн (мындан ары - Бөлүм) статусун, милдеттерин, түзүмүн, укуктарын жана жоопкерчилигин аныктайт.

### Нормативдик шилтемелер

Бул Жобо төмөнкү мыйзамдар жана документтерге ылайык иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 8-августундагы №170 «Илим жөнүндө» мыйзамы;
- Кыргыз Республикасында 2021–2030-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы;
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун 2022–2027-жылдарга стратегиялык өнүгүү планы;
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун Уставы;

- Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий ишмердүүлүгүн өнүктүрүү концепциясы.

## 1. Жалпы жоболор

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмү университеттин илимий-изилдөөчүлүк, инновациялык ишмердүүлүгүн уюштуруу, координациялоо, маалыматтык колдоо көрсөтүү милдетин аткарган структуралык бөлүм болуп саналат.

Бөлүм түздөн-түз илимий иштер боюнча проректорго баш ийет.

Бөлүмдүн ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ИЖББжИМнин токтомдоруна, КУУнун Уставына жана бул Жобого ылайык жөнгө салынат.

## 2. Бөлүмдүн негизги милдеттери

1. Институттардын, факультеттердин, кафедралардын жана башка түзүмдүк курамдардын илимий ишмердүүлүгүн координациялоо.
2. Университеттин илимий-метрикалык көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөө, талдоо жана өнүктүрүү.
3. Илимий долбоорлорду жана конкурстарды уюштуруу.
4. Эл аралык илимий кызматташтыкты колдоо жана КУУнун дүйнөлүк рейтингдерде позициясын жогорулатууга көмөктөшүү.
5. Илимий ишмердүүлүк боюнча аналитикалык отчетторду, маалым каттарды даярдоо.
6. Илимий изилдөөлөр боюнча маалыматтык-методикалык колдоо көрсөтүү.
7. Илимий ишмердүүлүктү координациялоо үчүн ИТКнын ишин камсыздоо.
8. Жаш окумуштуулар кеңешинин илимий ишмердүүлүгүнө уюштуруу-методикалык жетекчилик кылуу.

## 3. Бөлүмдүн функциялары

- Түзүмдүк курамдардын илимий-изилдөө пландарына ылайык, аткарган иштерине көзөмөл кылуу жана сунуштарды даярдоо;
- ОПКтун жана кызматкерлердин эл аралык илимий базалардагы (Scopus, WoS, ORCID, Google Scholar, Elibrary) публикациялык активдүүлүгүн, цитаталоо көрсөткүчтөрүнө мониторинг кылуу жана маалыматтардын туура көрсөтүлүшүн камсыздоо;
- ОПКтун жана кызматкерлердин публикациялык активдүүлүгү жана цитаталоо көрсөткүчтөрү боюнча рейтинг түзүү.
- Эл аралык базаларда индекстелген журналдарда жарыяланган макалалар үчүн кызматкерлердин тизмесин түзүү жана стимулдаштыруучу төлөмдөрдү эсептөө.
- илимий-техникалык кеңештин (ИТК) жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү;
- ректорат жана министрликтер үчүн аналитикалык отчетторду даярдоо;
- илимий иш-чараларды (конференциялар, форумдар, семинарлар) уюштуруу:

- эл аралык рейтингдерди (QS, THE) жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- структуралык түзүмдөр менен илимий комуникацияны жүргүзүү;
- КУУнун илимий-изилдөөчүлүк сайтынын ишин алып баруу.

## 4. Бөлүмдүн түзүмү

Бөлүмдүн түзүмүнө төмөнкүлөр кирет:

- Бөлүм башчысы;
- башкы адис;
- жетектөөчү адис.

## 5. Жыйынтыктоо жоболору

Бул Жобого өзгөртүүлөр жана кошумчалар ректордук, илимий-техникалык кеңеш же бөлүм башчынын демилгеси менен киргизилип, тиешелүү тартипте бекитилет.

Түзүүчү:

Илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмүнүн башчысы — А. Качкын уулу

Макулдашылды:

Илимий иштер боюнча проректор — М. Камчыбек уулу

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы — Д.С. Шадыханова

Юридика бөлүмүнүн башчысы — Р.К. Токтоналиев